***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс-маалымат***
2019-жылдын 12-марты

## 2019-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2019 январь-февралы 2018[1] январь-февралына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018[1] январь-февралы 2017 январь-февралына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 63009,3 | 104,9 | 103,0 | +1,9 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 56274,4 | 101,0 | 103,3 | -2,3 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 38050,5 | 112,2[2] | 106,3[2] | +5,9 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 22434,4 | 94,7[2] | 117,0[2] | -22,3 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 2300,3 | 172,9[2] | 119,1[2] | 53,8 |
| Иштетүү өндүрүшү | 25905,7 | 115,9[2] | 103,7[2] | 12,2 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 9410,2 | 95,8[2] | 112,5[2] | -16,7 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 434,2 | 112,7[2] | 120,9[2] | -8,2 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 15450,1 | 101,7 | 100,5 | +1,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 8836,1 | 100,7 | 99,0 | +1,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 8647,5 | 101,1 | 102,7 | -1,6 |

| | Иш жүзүндө | 2019 январь-февралы 2018[1] январь-февралына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018[1] январь-февралы 2017 январь-февралына карата пайыз менен | Айырма-чылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 53937,4 | 103,8 | 104,3 | -0,5 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 29607,6 | 103,4 | 103,0 | +0,4 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 2303,0 | 106,4 | 106,1 | +0,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 4695,0 | 101,9 | 102,3 | -0,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 104,0 | 101,9 | 102,1 | -0,2 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 94202,2 | 100,2 | 100,2 | |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 3618,7 | 94,9 | 93,2 | +1,7 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 99,8 | 103,4 | -3,6 |
| - 2018-ж. декабрына карата | 100,2 | | | |
| - 2018-ж. февралына карата | 99,3 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 77,8 | 127,8 | 103,1 | +24,7 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15327 | 104,8 | 106,3 | -1,5 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 456,8 | 91,6 | 153,9 | -62,3 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 147,0 | 95,9 | 135,8 | -39,9 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 93,0 | 84,6 | 137,7 | -53,1 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 33,4 | 93,3 | 108,4 | -15,1 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 363,8 | 93,6 | 159,2 | -62,6 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 113,6 | 96,7 | 147,1 | -50,4 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2019-ж. январы (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2019-ж. январы (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2019-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** 2019-жылдын январь-февралына салыштырмалуу өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү металл рудаларын (2,6 эсеге), көмүр казуунун (43,7 пайызга), чийки мунайзат жана жаратылыш газын (23,2 пайызга), негизги металл (36,9 пайызга) жана кийим өндүрүүнүн (24,1 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

Ошону менен катар мунайзат продуктуларын өндүрүүдө (50,3 пайызга), текстиль өндүрүшүндө (23,4 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын (15,1 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүдө (12,8 пайызга), сөңгөктү иштетүүдө, жыгач жана тыгындан жасалган буюмдарды өндүрүүдө (4,5 пайызга) төмөндөө белгиленди.

Электр энергия, газ жана буу менен камсыздоонун көлөмү электр энергия өндүрүүнүн (7,8 пайызга) жана берүүнүн (2,4 пайызга) азайышынан улам 2018-жылдын январь-февралынын деңгээлине карата 4,2 пайызга төмөндөдү.

**Айыл чарба.** Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн 2018-ж. январь-февралына салыштырмалуу өсүшү мал өстүрүүчүлүк продукцияларын өндүрүүнүн көбөйүшү (1,7 пайызга) менен шартталды.

**Курулуш.** 2018-жылдын январь-февралына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү иштетүү өндүрүшүнүн, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, ошондой эле башка тейлөө ишмердиги объекттеринин курулушунан сырткары, ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү бул мезгил ичинде 3,3 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 11,9 пайызга төмөндөдү.

2019-жылдын январь-февралындагы инвестициялардын негизги көлөмү (алардын жалпы көлөмүнүн 85 пайыздан көбү) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо, транспорт ишмердиги жана турак жай курулушу боюнча объекттердин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2018-ж. январь-февралына салыштырмалуу көбөйүшү негизинен чекене (3,4 пайызга) жана дүң сооданын (4,4 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жалпы республика боюнча 0,2 пайызга төмөндөшү катталды. Ошону менен бирге азык-түлүк эмес товарлардын (0,4 пайызга), тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз

суусундуктардын (0,3 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (0,1 пайызга) бааларынын төмөндөгөнү белгиленди.

Муну менен катар үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары 0,7 пайызга өстү.

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу Ысык-Көл (0,1 пайызга), Нарын (0,2 пайызга), Чүй (0,2 пайызга) жана Талас облустарында (0,4 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери керектөө секторундагы инфляциянын деңгээли 0,2 пайызды түздү. Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары үстүбүздөгү жылдын башынан бери 0,3 пайызга жогорулады. Ошону менен бирге жаңы бышкан жашылчалардын (12,5 пайызга), таруунун (5,7 пайызга), каймактын (3,0 пайызга) жана сырлардын (1,1 пайызга) бааларынын олуттуу өсүшү катталды. Муну менен катар үстүбүздөгү жылдын январь-февралында картошканын (10,4 пайызга), жылкы этинин (2,1 пайызга), жогорку сорттогу буудай унунун (1,8 пайызга), кумшекердин (1,5 пайызга), уй этинин (1,3 пайызга) жана алманын (1,3 пайызга) баалары эң көп төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын февралында 2018-ж. декабрына салыштырмалуу алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин бааларынын жогорулашы (3,3 пайызга) белгиленди. Ошол эле убакта азык-түлүк эмес товарлардын баалары жана тарифтери үстүбүздөгү жылдын башынан бери 0,5 пайызга, кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары 0,4 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу Ош облусу менен Ош шаарынан сырткары республиканын бардык аймагында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы байкалды, ал эми Ош облусу менен Ош шаарында алардын олуттуу төмөндөшү белгиленди. Баалардын максималдуу өсүүсү (0,7 пайыз) Нарын облусунда катталды, бул башка региондорго салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын эң көп жогорулашы (1,5 пайызга) менен шартталды. Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки үстүбүздөгү жылдын башынан бери Ысык-Көл облусунда (4,4 пайызга), кызмат көрсөтүүлөр Талас облусунда (1,8 пайызга) эң көп кымбаттады. Азык-түлүк эмес товарлардын баалары үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу Ош шаарынан сырткары республиканын бардык аймагында төмөндөдү, ал эми Ош шаарында 0,4 пайызга жогорулады.

**Эмгек акы.** 2019-жылдын январындагы (чакан ишканаларды кошпогондо) эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик, ошондой эле башка тейлөө ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдардан сырткары, экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы маалымат жана байланыш (23,5 пайыз), пайдалуу кендерди казуу (12,5 пайыз), мамлекеттик башкаруу (8,2 пайызга) иштетүү өнөр жайы чөйрөлөрүндө (7,7 пайыз) байкалды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** Үстүбүздөгү жылдын январындагы экспорттук жөнөтүүлөрдүн 2018-ж. январына салыштырмалуу 15,4 пайызга төмөндөшү алтынды ташып чыгаруунун - 13,7 пайызга (жалпы көлөмдөгү анын үлүшүнүн 2018-ж. январындагы 29,2 пайыздан 2019-ж. январындагы 29,8 пайызга чейин көбөйүшүнө карабастан), автоунаалардын жана тракторлордун тетиктерин жана бөлүктөрүн – 4,5 эсеге, пахта буласын – 3,3 эсеге, кийим жана кийимге тиешелүү буюмдарды ташып чыгаруунун – 3,6 пайызга төмөндөшү менен шартталды.

Ошол эле убакта эт жана тамак-аш эт азыктарынын экспорттук жөнөтүүлөрү – 5,0 эсеге, чоюн жана болоттон жасалган буюмдардын – 2,7 эсеге, пластмасса жана андан жасалган буюмдардын – 42,7 пайызга, сүт жана сүт азыктарынын экспорттук жөнөтүүлөрү 38,8 пайызга өстү.

2019-жылдын январындагы импорттук түшүүлөрдүн көлөмүнүн 2018-жылдын январына салыштырмалуу 6,4 пайызга төмөндөшү химиялык булаларды ташып кирүүнүн – 1,9 эсеге, кийим жана ага таандык буюмдарды – 1,8 эсеге, резина жана андан жасалган буюмдарды – 1,8 эсеге, тамеки жана тамеки азыктарын – 1,7 эсеге, кара металлдарды – 37,9 пайызга, бут кийимди – 35,1 пайызга, булгаарыдан жасалган буюмдарды – 29,5 пайызга, кант жана канттан жасалган кондитердик азыктарды ташып кирүүнүн 27,5 пайызга азайышы менен шартталды.

Ошол эле убакта ташылып келинген жер семирткичтердин көлөмүнүн – 3,7 эсеге, трикотаж болотнайынын – 3,6 эсеге, керамика буюмдарынын – 1,9 эсеге, сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын – 1,6 эсеге, мунайзат продуктуларынын – 30,0 пайызга, электр машиналарынын жана жабдууларынын – 29,8 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдардын – 28,8 пайызга, жабдуулардын жана механикалык түзүлүштөрдүн – 28,4 пайызга, кагаз жана картондун 27,2 пайызга өсүшү белгиленди.

*Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 2019-ж. январында 147,0 млн. АКШ долларын түздү жана 2018-ж. январына салыштырмалуу 4,1 пайызга төмөндөдү.

Ошону менен бирге экспорттук жөнөтүүлөрдүн да (6,7 пайызга), импорттук түшүүлөрдүн да (3,3 пайызга) төмөндөшү белгиленди. Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң жогорку көлөмү Россияга (60,4 пайызга) жана Казакстанга (38,0 пайызга) туура келди.

2019-жылдын январында Россияга болгон товарлардын экспортунда кийим жана кийимге тиешелүү нерселердин (31,4 пайыз), жездин калдыктары жана сыныктарынын (21,6 пайыз), жашылчалар жана жемиштердин (8,5 пайыз), баалуу металлдардын калдыктары жана сыныктарынын (7,2 пайыз), сүт жана сүт азыктарынын (4,9 пайыз) жөнөтүүлөрү басымдуулук кылды.

Россиядан импорттолгон товарлардын негизги үлүшүн мунайзат продуктуларынын (35,4 пайыз), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (13,9 пайыз), жаратылыш газынын (7,1 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (4,9 пайыз), күрүчтүн (3,8 пайыз) түшүүлөрү ээледи.

2019-жылдын январында Казакстанга болгон экспорттук жөнөтүүлөрдө баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (36,7 пайыз), косметикалык каражаттар (10,0 пайыз), жаңы жана кургатылган жемиштер (7,8 пайыз), кийим (6,5 пайыз), бут кийим (6,3 пайыз), сүт жана сүт азыктары (5,1 пайыз), автоунаалардын жана тракторлордун тетиктери жана бөлүктөрү (3,9 пайыз), жылмаланган айнектер (3,7 пайыз) негизги товарлар болуп саналды. Казакстандын товарларынын импортунда мунайзат продуктуларынын (40,8 пайыз), таш көмүрдүн (7,0 пайыз), буудайдын (6,0 пайыз), буудай унунун (4,4 пайыз), минералдык жана кант кошулган газдалган суулардын (2,9 пайыз) түшүүлөрү басымдуулук кылды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык орточо айлык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**